**ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН**
**Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын**
**№06/25 протоколу**

2026-ж. 19-январы Манас ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 19
Катышкандар: 16
Катышпагандар: 2 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

**КҮН ТАРТИБИ:**

| № | Каралуучу маселелер | Жооптулар | Регламент | Тиешелүү материалдар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Окумуштуулар кеңешинин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө | Ректор | **2 мин** | Билдирүү, токтом долбоору |
| 2 | 2025-жыл үчүн башкы эсепчинин отчету | Сабыркул к. Н. - Башкы эсепчи | **5 мин** | Отчет, токтом долбоору |
| 3 | 2025-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасын өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитүү, 2026-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын долбоорун бекитүү | Нарматов М.К. -Экономист | **10 мин** | Баяндама сметанын долбоору |
| 4 | Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу жөнүндө | Садырова Н.А. -Окуу иштери боюнча проректор | **10 мин** | Баяндама сметанын долбоору |
| 5 | Проректорлордун, Структуралык бөлүмдөрдүн жарым жылдык отчеттору | Проректорлор, структуралык бөлүмдөрдүн башчылары | **35 мин** | Отчеттор, токтом долбоору |
| 6 | Профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү жөнүндө | Чаулагаин Д. – Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор | **10 мин** | Баяндама, токтом долбоору |
| 7 | Ар түрдүү маселелер | | | |
| 7.1 | Администрациянын иш графиги жөнүндө | Сыдыкова Б.Ж. – Укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы | **5 мин** | Баяндама, токтом долбоору |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7.2 | TOEFLүчүн кошумча төлөмдөр жөнүндө | Чаулагин Д. – Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор | **5 мин** | Баяндама, токтом долбоору |
| 7.3 | Эмгек акы төлөө жөнүндөгү жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө | Нарматов М.К. -Экономист | **5 мин** | Баяндама, токтом долбоору |
| 7.4 | Аккредитациянын жыйынтыктары боюнча сунуштардын үстүндө иштөө үчүн жумушчу топту түзүү жана иш планын бекитүү жөнүндө | Ташиева Г.С.- Сапат жана дарылоо иши боюнча проректор | **5 мин** | Баяндама, токтом долбоору |

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

**1-маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү:** – "Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Биринчи маселе боюнча бизге жаны башкы бухгалтер штаттык кызматкер катары келгендигине байланыштуу окумуштуулар кеңешини курамына кошууну сунуштайм, ошондой эле студенттердин саны көбөйгөнүнө байланыштуу экономисттин каралуучу маселери көп боло турганына байланыштуу аны да Окумуштуулар кеңешинин курамына кошууну сунуштайм. Сиздерде да сунушуңуздар болсо айтыңыздар."

**Сөзгө чыккандар:**

**Сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор Ташиева Гульбара Самидиновна:** – "Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, баарыныздарга маалым болгондой учурда бизде медициналык факультет бар студенттерибиздин басымдуу бөлүгү дарылоо иши адистигинде окушат, ошондуктан Окумуштуулар кеңешинин курамында медицина илимдеринин докторлору болушу Окумуштуулар кеңешинин курамын күчөтөт. Ошондуктан мен м.и.д., профессор Шамшиев Абдилатип Абдырахмановичти Окумуштуулар кеңешинин икурамыгна кошууну сунуштайм."

Токтом долбоору:

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин курамына Сыдыкова Үмүт Акимовна – башкы эсепчи; Нарматов Мелис Каныбекович – Экономист; Шамшиев Абдилатип Абдырахманович – м.и.д., профессор кошулсун. Жалпысынан Окумуштуулар кеңешинин курамы 19 кишиден турсун.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**2-маселе боюнча башкы эсепчи Сабыркул кызынын ордуна бухгалтер Б Абдыкасов. сүйлөдү: –** “Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер 2025-календардык жылы үчүн финансылык отчетту тааныштырууга уруксат бериңиздер.

Алгач 01/01/2025 жылдан баштап календардык жылда акча каражатынын кыймылы төмөнкүчө болду:

Киреше 107686572,22

Мурунку жылдан калдык 133412,55 сомду түзгөн.

Баарыңыздарга отчет таратылды таанышып чыксаңыздар болот.”

Отчет так даана жазылган, ар бир пункут боюнча айтып берилди. Суроолор болгон жок.

Токтом долбоору:

1. 2025-жыл үчүн башкы эсепчинин отчету канааттандырарлык деп табылсын.
2. Отчетту бекитип берүү жагы камкордук жана негиздөөчүлөр кеңешине сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**3-маселе боюнча экономист Нарматов М.К.: –** “Саламатсыздар, урматтуу кесиптештер 2025-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасы экранда турат 2025-жылы үчүн сметаны бекитүүгө сунуштайм.

2025-2026-окуу жылында студенттердин кабыл алуу саны 300 деп бекитилген болчу факт бонча бир топ көп студенттер кабыл алынды, ошондуктан кирешелердин жана чыгашалардын суммасы да өзгөрдү. Учурда календардык жылда 107 686 572,22 сом түшкөн, 11 миллион сомго чейинки акча каражаты эсепке түшө элек (студенттердин окуу акысынан карыздары). 2025-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасын өзгөртүүлөрдү киргизүү менен бекитип берүүңүздү суранам.

2026-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасы экранда турат 2026-жылдын сметасынын долбоорун бекитүүгө сунуштайм. Быйылкы окуу жылында үч статьялар боюнча смета кошулду булар: спорт комплеске 50 000 000 (элүү миллион) сом, вивариумга 3 000 000 (үч миллион) сом, окуу корпусуна 100 000 000 (жүз миллион) сом, ошондой эле университеттин автоунасына бөлүнүүчү каражаттар эске алынды, айлык маяна студенттердин саны көбөйгөнүнө байланыштуу өзгөртүлдү.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. 2025-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилсин;
2. 2026-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын долбоору бекитилсин”
3. Бул чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңештеринен суралсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан кабыл алынды.

**4-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садырова Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу жөнүндө сүйлөдү: –** “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер кийинки отчетто мен профессордук – окутуучулук курамдын 1-жарым жылдыкта өткөн квалификацияны жогорулатуу курстары боюнча берилет.

Азыр сиздерге окутуучулар үчүн бардык тараптарды камтыган бир айлык окуу курсунун планын сунуштап жатам.

| Неделя | Дата (2026) | Тема | Ответственные тренера | Формат | Часы | Итоговый продукт |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 20.01 | Учебно-методическое проектирование и УМК кафедры | Садырова Н.А., Канетова Д.Э. | Практикум | 2 | Силлабус (черновик) + матрица РО→компетенции→контроль→критерии |
| **2** | 27.01 | Тестология и MCQ | Ташиева Г.С. | Практикум | 2 | 30 MCQ + ключ + mini-blueprint |
| **3** | 03.02 | Клинические методы обучения ОСПЭ/ОСКЭ | Ташиева Г.С. | Лаборатория | 2 | 1 станция (сценарий+чек-лист+шкала) |
| **4** | 10..02 | Оценивание и аналитика в eBilim | Канетова Д.Э. | Практикум | 2 | Рубрика/журнал + отчёт по группе |
| **5** | 07.02 | Качество/дисциплина/посещаемость/feedback | Орозбаева Ж.М., Астанов Ш.М. | Тренинг | 2 | Политика (1 стр.) + форма feedback + план корректирующих действий |
| **6** | 14.02 | Современные методы обучения + ИИ<br>Мини OSCE по станциям | Канетова Д.Э., Жуманалиева М.Б. | Мастер-класс | 2 | План занятия + инструкция студенту по ИИ |
| **7** | 18.02 | Малые группы и bedside teaching | Ташиева Г.С. | Практикум | 2 | Кейс-сценарий + чек-лист фасилитатора |
| **8** | 25.02 | Наука и публикации | Асилова З.А.; Диппак | Воркшоп | 2 | Протокол исследования + IMRaD-план + 3–5 журналов |

колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Токтом долбоору

1) Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча маалымат эске алынсын;
2) Профессордук-окутуучулук курам үчүн бир айлык курстардын планы бекитилсин.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан кабыл алынды.

**5-маселе боюнча проректорлор 2025-2026-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында аткарган иштер боюнча отчет беришти.**

**1. Окуу иштери боюнча проректор Садырова Н.А. отчет берди:** – “Урматтуу кесиптештер 2025-2026-окуу жылы үчүн окуу иштери боюнча отчетту берүүгө уруксат бериңиздер.

**Отчет 10 пунктан турат:**

**1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ**

**Отчеттук мезгил: 2025-2026-окуу жылдын 1-жарым жылдыгы боюнча Проректор: Садырова Н.А. 19.01.2026ж.**

## 2. УНИВЕРСИТЕТТИН АКАДЕМИЯЛЫК ТҮЗҮЛҮШҮ

| Факультет | Кафедралар | ББП/ОП |
|---|---|---|
| Медициналык факультет | Клиникалык дисциплиналар<br>Морфологиялык дисциплиналар<br>Гуманитардык табигый дисциплиналар | Дарылоо иши 5 жыл<br>Дарылоо иши 6 жыл<br>ИЭТ<br>Менеджмент<br>Экономика |

## 3. СТУДЕНТТЕРДИН КОНТИНГЕНТИ

| Курс | тайпалар | баары |
|---|---|---|
| **1 КУРС** | **ИВТ – 1, ЛД 5 -30 жайкы, ЛД5 -2 кышкы, Дл-6-1** | **880** |
| **жалпы:** | **34** | **880** |
| **2 КУРС** | **ЛД 5 – 3** | **54** |
| **жалпы:** | **3** | **54** |
| **3 КУРС** | **ЛД5 -1** | **8** |
| **жалпы:** | **1** | **8** |
| **4 КУРС** | **ЛД5- 2** | **40** |
| **Итого по курсу:** | **2** | **40** |
| **5 КУРС** | **ЛД 5 -2 жайкы, -1 кышкы** | **52** |
| **Итого по курсу:** | **3** | **52** |
| **Баары:** | **43** | **1034** |

## 4. ПОКдын сапаттык жана штаттык көрсөткүчү

| Баардык ПОК | | Илимдин Доктору | | Илимдин Кандидаты | | философия Доктору | | Сапаттык көрсөткүч | | Штаттык көрсөткүч | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кафедра | Жалпы | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % | саны | % |
| КД | 17 | 2 | 12% | 7 | 42% | | % | 9 | 52% | 9 | 49% |
| МД | 28 | 2 | 4% | 2 | 7% | 5 | 17% | 9 | 32% | 24 | 85% |
| ГТД | 13 | - | - | 7 | 54% | - | - | 7 | 54% | 12 | 93% |
| **Жалпы жож боюнча:** | **58** | **4** | **7%** | **16** | **27,5%** | **5** | **8,6%** | **25** | **43%** | **46** | **72%** |

Кафедралардын кадрдык курамында штаттагы окутуучулардын үлүшүнүн жогору болушу (72%) окуу процессинин туруктуулугуна жана окуу-методикалык иштерди үзгүлтүккө учуроосун алдын алат. Ошол эле учурда илимий даражасы бар окутуучулардын (43%) болушу академиялык экспертизанын талаптагыдай деңгээлин камсыз кылат. Ошого карабастан кийинки жарым жылдыкта кафедралардын штаттык курамын жана сапаттык көрсөткүчүн бекемдөө мүмкүнчүлүгүн кароо максатка ылайык.

## 5. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ

***Окуу дисциплиналардын кафедралар боюнча бектилиши***

| Кафедра | ДИ 5 | ДИ 6 | ИЭТ | Жалпы |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ГТД | 7 | 9 | 15 | 31 |
| КД | 52 | 2 | | 54 |
| МД | 18 | 9 | | 27 |
| | 77 | 20 | 15 | 112 |

***Пландаштырылган ОКУУ ЖҮКТӨМҮ: жалпы жана 1-жарым жылдык боюнча***

| **Кафедра** | **Күзгү семестр** | | **Жазгы семестр** | | **Жалпы окуу жылы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **сааты** | **чен** | **сааты** | **чен** | **сааты** | **чен** |
| **ГТД** | 10391,5 | 12,2 | 4371,4 | 5,1 | 14762,9 | 17,4 |
| **МД** | 10661,8 | 12,5 | 11146,9 | 13,1 | 21808,7 | 25,7 |
| **КД** | 5687,4 | 6,7 | 12975,1 | 15,3 | 18662,5 | 22,0 |
| **Жалпы жож боюнча** | 26740,7 | 31,5 | 28493,4 | 33,5 | 55234,1 | 65,0 |

***Окуу-усулдук иштер:***

| Кафедра | ДИ 5 | ДИ 6 | ИЭТ | Жалпы | ЖП | | Силабус | | ОМК | Аткарылды |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ГТД | 7 | 9 | 15 | 31 | 31 | 100% | 31 | 100% | 31 | 100% |
| КД | 52 | 2 | | 54 | 54 | 100% | 54 | 100% | 47 | 87% |
| МД | 18 | 9 | | 27 | 27 | 100% | 27 | 100% | 13 | 48% |
| | 77 | 20 | 15 | 112 | 112 | 100% | 112 | 100% | 91 | 81% |

***Баалоо каражаттарынын фонду (тест, билет, модулдук)***

| **Баалоо каржатынын аталышы** | **% аткарылышы** | **Форматы** |
|---|---|---|
| Компьютердик тест | 100% | eBilim / банк |
| Экзамен билеттери | 100% (МАК) | бекитилген билеттер |
| Модулдук тесттер | 100% | темама/ЖП боюнча |
| **OSCE / OSPE** | 100% | чек-листтер, критерийлер. |

***Студенттердин катышуусу боюнча маалымат***

| **Курс** | **Катышуу %** | | | | **1-семестрдеги жыйынтык %** |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Сентябрь** | **Октябрь** | **Ноябрь** | **Декабрь** | |
| **1** | Нет | 96,6 | 95,5 | 96 | **96,0** |
| **2** | 76,3 | 74,3 | 88,2 | 92,4 | **82,8** |
| **3** | 77,7 | 85,6 | 86,2 | 89,5 | **84,8** |
| **4** | 72,1 | 78,3 | 81,0 | 87,7 | **79,8** |
| **5** | 72,5 | 81,8 | 83,6 | 84,4 | **80,6** |
| **жалпы курс боюнча** | **74,7** | **83,3** | **86,9** | **90,0** | **84,8** |

## 6. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫ, СМС ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР

**1. Нормативдик камсыздоо**

Окуу процессин, кредиттик технологияны, баалоо системасын, БКФ/ФОСту, электрондук журналдарды жана билим берүүнүн ички сапат системасын жөнгө салуучу **50дөн ашык нормативдик документ** жана **Сапат менеджментинин системасынын** реестри түзүлүп иштелип чыгып, жаңыланды.

***1-жарым жылдыкта ПОКдын квалификациясын жогорулатуусу боюнча маалымат***

| № | Квалификацияны жогорулатуу программасынын аталышы жана формасы | Өткөрүлгөн жери, датасы, көлөмү | Статусу/ПОК-саны | Сертификат / документ |
|---|---|---|---|---|
| **1** | "In the EJSMR Research Workshop 2025" | ЖАЭУ, 18.10.2025 | Семинар-15 | EJSMR 2025 |
| **2** | "Система обеспечения качества образования" | 06–07.11.2025 | Семинар-16 | НААР |
| **3** | Машыктыруучуларды даярдоо курсу "Волейболдун дисциплинасы" | К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ, 12.10.2025 | Семинар-1 | VFKR |
| **4** | "Педагогдун кесиптик компетенттүүлүгүнүн курамдык бөлүктөрү" | КР Агартуу министрлиги, РПККЖжКД институту, 09.10–24.10.2025, **72 саат** | Сертификат-16 | Сертификат |
| **5** | Англис тили курсу (даярдык …) | «Авенир» ББК, 12.12.2025–30.01.2026, **20 саат** | Курс-15 | Сертификат |
| **6** | Кардиология боюнча квалификацияны жогорулатуу / ЭхоКГ / конференцияга катышуу | КГМА | Семинар-1 | Сертификат |
| **7** | Илимий макала даярдоо жана публикациялоо | ЖАЭУ | Семинар-11 | Сертификат |
| **8** | НЦКиТ "Школа практического врача" (Дүйнөлүк жүрөк күнү) | 30.09.2025 | Семинар-1 | Сертификат |
| **9** | Research Workshop 2025 (илимий иш боюнча ПК) | ЖАЭУ | Семинар-9 | |
| **10** | "Тромболитикалык терапия боюнча мастер-класс. Курч коронардык синдром (ST көтөрүлүшү): диагностика жана дарылоо" | 02.10.2025, лектор: д.м.н., проф. Бейшенкулов М.Т. | Мастер-класс-1 | — |
| **11** | Доктор Надиим Зафар тарабынан мастер-класс | 13.12.2025 | Мастер-класс-12 | — |
| **12** | Эл аралык илимий-практикалык конференция "VIII-Школа Аритмологии" | 01.11.2025 | Конференция-1 | — |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **13** | eBilim колдонуу боюнча квалификацияны жогорулатуу | 28.10.2025 | Окутуу/ПК-32 | — |
| **14** | “Педагогдун профессионалдык компетенттүүлүгү” (проф. Т.М. Сияев) | **72 саат** | Курс/ПК-16 | Сертификат |
| **15** | NAAR e-тренинг/семинар “Система обеспечения качества образования” | ЖАЭУ, 06–07.11.2025, №5083-25 | Семинар-25 | Сертификат (эл аралык) |
| **16** | ЭЙДОС – БИО МЕД симуляторлору менен иштөө боюнча эл аралык сертификат | ЖАЭУ | Окутуу-15 | Эл аралык сертификат |
| **17** | TOEFL тест | Натыйжа: **47 (B1)** | Тест | №1231 |
| **18** | УЗИ боюнча кесиптик кайра даярдоо | Екатеринбург, 01.08–28.11.2025 | Кайра даярдоо | Диплом №662424238217 |
| **19** | “Гинекологиядагы плазма терапиясы” | Бишкек, Май | Семинар-1 | Сертификат |
| **20** | “Заманбап профессионалдык билим берүү технологияларынын негизинде университетте окутуу системасында болочок адистерди өнүктүрүү” (дисциплина: Нормалдуу анатомия) | Международный институт профессионального развития педагога, 04.09–26.09.2025 | Семинар-1 | Сертификат |

***7. НОРМАТИВДИК ДОКУМЕНТТЕР***

ЖАМУнун төмөнкү нормативдик документтери жаңыланды. Жалпы саны 50 документ.

***8. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА жана АУДИТОРДУК ФОНД***

Окуу кампусу: Курманбек көчөсү, 24 дарегинде жайгашкан, жалпы аянты 1,53 га түзөт.

Аймакта жайгашкан объекттер: Окуу корпустарынан сырткары «Шифаа» клиникасы, спорттук аянтчалар, эс алуу зоналары жана дүкөндөр бар.

Студенттик жатаканалар: 4 жатакана иштейт (Курманбек 24 — 500 орун, Курманбек 26 — 400 орун, Курманбек 37 — 400 орун, Панфилова 34 — 300 орун).

Чоң жыйындар залы (БАЗ) 650 орундуу жана 60тан 250гө чейин орундуу лекциялык залдар бар.

Аудитордук фонд клиникалык дисциплиналар кафедрасына 22 аудитория (клиникалык базадагы аудиториялар, ОСКЭ центр менен кошо), морфологиялык дисциплиналар кафедрасына 16 аудитория, гуманикардык жана табигый дисциплиналар кафедрасына 12 аудитория бекилген.

**9. Китепканада аткарылган иштер жана түзүлгөн документтер**

Төмөнкү документтер түзүлүп, китепканада тиешелүү иштер аткарылды.

**1. Китеп фондун комплекттөө**

Отчеттук мезгилдин I жарым жылдыгында төмөнкүдөй китептер сатылып алынды:

- **Морфологиялык дисциплиналар кафедрасы үчүн** — орус тилинде **290 даана китеп**;
- **Клиникалык дисциплиналар кафедрасы үчүн** — англис тилинде **51 даана китеп**;
- **ГТД кафедрасы үчүн** — орус тилинде **54 даана китеп**.

**2. Каталогдоштуруу жана системалаштыруу**

- Жаңы келип түшкөн **395 даана китепке инвентаризация жүргүзүлдү**:
    - бардык китептерге ЖАМУнун штампы басылып,
    - инвентардык номерлер коюлду,
    - бардык жаңы китептерге формулярлар толтурулду.
- **5 жылдык жана 6 жылдык окуу пландары** боюнча китеп фондунун каталогдору жаңыланды.
- Окуу пландагы бардык дисциплиналар үчүн **PDF форматындагы электрондук китептер** толукталды.
- Китеп фондунун **бардык түрдөгү электрондук каталогдору** жаңыланып, толукталды.
- Жалпысы болуп **9 электрондук каталог жана тизмелер** түзүлдү жана жаңыртылды.

**3. Окурмандарды тейлөө**

Отчеттук мезгилде окурмандарды тейлөө боюнча төмөнкү иштер аткарылды:

- **1-курстун 678 студенти** каттоодон өткөрүлүп, окурмандык билеттер берилди;
- **25 окутуучу** китепканада каттоодон өтүп, керектүү адабияттарды алышты;
- Китепкана колдонуучулары үчүн **250 формуляр** ачылды;
- Отчеттук мезгил ичинде студенттер тарабынан китепканага **725 жолу кайрылуу** катталды.

| № | Китептердин аталышы | Англис тилиндеги саны | Жалпы саны |
|---|---|---|---|
| **1** | Англис тилиндеги медициналык китептер | | 1 818 |
| **2** | Морфологиялык дисциплиналар (англис тилинде) | 732 | |
| **3** | Клиникалык дисциплиналар (англис тилинде) | 1 086 | |
| **4** | Орус тилиндеги медициналык китептер | | 220 |
| **5** | Морфологиялык дисциплиналар (орус тилинде) | 220 | |
| **6** | Гуманитардык багыттагы китептер | | 379 |
| | **Китептердин жалпы саны:** | **2 038** | **2 417** |
| **7** | Электрондук китептер | | 8 550 |
| **8** | Research4Life маалымат базасы | | 129 000 |
| | **Электрондук китептердин жалпы саны:** | | **137 550** |

**10. АКАДЕМИЯЛЫК МОБИЛДҮҮЛҮК**

Бул боюнча жогоруда план сунушталды жана бекитилди.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. Окуу иштери боюнча проректордун отчету канааттандыраарлык деп табылсын;
2. eBilim автоматташтырылган маалыматтык системасы окуу процессин башкаруунун негизги санариптик платформасы катары пайдаланылсын;
3. Кафедра башчылары II жарым жылдыкта УМК, силлабус жана ФОС боюнча кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрсүн;
4. Окуу-маалымат бөлүмү (УИО) eBilim аркылуу аналитикалык отчетторду үзгүлтүксүз даярдап, аккредитация үчүн далилдерди системалаштырсын;

5. Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча бекитилген план толук аткарылсын;
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректорго жүктөлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**2. Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор к.т.н., доцент З.А. Асилова отчет берди:** – "Урматтуу кесиптештер окуу жылдын башында бекитилген пландын негизинде отчет тузүлдү презентацияга көңүлүңүздөрдү бурам:

| № | Ишмердүүлүктүн түрү | Аткаруу мөөнөтү | Мазмуну | Аткаруу боюнча белги |
|---|---|---|---|---|
| **Илимий иштер боюнча** | | | | |
| | окуу жылына карата илимий ишмердүүлүк боюнча иш план түзүү | Сентябрь | Иш план тузүлүп, бекитилген | Аткарылды |
| | Илим күнүн белгилөө | Ноябрь | Студенттик конференция өткөрүү | Аткарылды |
| | Университеттин кафедраларында илимий иштерин координациялоо | Жыл ичинде | Протоколдор | Процессте |
| | "Илимий макала жазуу" аталышында жаш окутуучуларга семинар өткөрүү | Декабрь | Жаш окутуучуларга жыйын өткөрүүп баяндама жасалды. Жаш окумуштуулар коому түзүлдү | Аткарылды |
| | "Жасалма интеллект жана аны илимий макала жазууда пайдалануу" аталышындагы семинар | Декабрь | Жаш окумуштуулардын катышуусунда семинар өткөрүлдү | Аткарылды |
| | ЖАЭУнун илимий-техникалык кеңешин уюштуруу жана өткөрүү (муктаждык боюнча) | Жыл ичинде | Жакынкы арада корголо турган диссертацияларга, илимий отчетторго техникалык кеңешмени түзүүнүн зарылчылыгы болгон жок | Зарылдык жок |
| **Тарбиялык жана социалдык иштер боюнча** | | | | |
| | 1-курстун студенттери үчүн ЖЭАУнун ички эрежелери боюнча чогулуштарды өткөрүү: окуу жараяны, жүрүш-туруш тартиби, жатаканага жайгашуу, окуу акысы, кураторлор менен | 2025-ж. 1.09. | Проректор, декан, окуу тайпаларынын кураторлору | Аткарылды, студенттердин келген мезгилине карата |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | таанышуу ж.у.с. маселелер боюнча. | | | |
| | 23-сентябрь – Мамлекеттик (кыргыз) тил күнүн белгилөө. | 2025-ж. 23.09. | Окутуучулар тарабынан Мамлекеттик тил боюнча чакан баяндамалар, студенттер тарабынан программа даярдалып чон залда салтанаттуу майрам белгиленди | Аткарылды, соц тармактарга жарыяланды |
| | ЖЭАУнун студенттери арасында студенттик өзүн-өзү башкаруу уюмдарын түзүү боюнча жалпы чогулушту өткөрүү: студенттик парламент, жатакана кеңеши, омбудсмен ж.у.с. маселелер. | 2025-ж. октябрь айынын 3-декадасы | Жалпы студенттик жыйын өткөрүлдү жана жалпы студенттерге лидер дайындалды | Аткарылды, студ совет шайланды |
| | 1-октябрь Карылар күнүнө карата иш чара | 2025-ж. 01-10 | Гуманитардык жана табыгый дисциплиналар кафедрасы | Аткарылган жок |
| | 1 ноябрь – Дивали (Лакшми Пуджа) (Diwali / Lakshmi Puja) | 2025-ж. 01-11 | Клиникалык жана морфологиялык дисциплтналар кафедралары | Студенттер арасында иш чара өткөрүлдү. Социалдык тармактарга жарыяланды |
| | Кезектеги спорттук мелдештерге даярдыкты камсыздоо, окуу жайдын курама командаларына спортсмендерди тандоо максатында спорт түрлөрү боюнча күзгү мелдештерди өткөрүү. | 2025-ж. ноябрь айынын 3-декадасы | Гуманитардык жана табыгый дисциплиналар кафедрасы | Студенттер арасында спорттук мелдештерди өткөрүлдү. 15-19 декабрь күндөрү өттү. |
| | Мугалимдердин бүткүл дүйнөлүк күнүн белгилөө. | 2025-ж. 05.10. | Административдик чарба иштери боюнча проректор, адам ресурстарын башкаруу бөлүмү, деканат, кафедралар. | Концерттик программасы менен салтанаттуу чогулуш өткөрүлдү. |
| | 12 октябр – Дуссехра / Вижаядашами (Dussehra / Vijayadashami) майрамдоо | 2025-ж. 12.10. | Жаштар иштери боюнча комитет. | Массалык маданий-көңүл ачуу иш-чарасы өткөрүлдү. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1-декабрь – СПИД менен күрөшүүнүн бүткүл дүйнөлүк күнүнө карата адистештирилген медициналык мекемелердин кызматкерлери менен аталган тема жана башка жугуштуу жыныстык  оорулар темасы боюнча жолугушууну уюштуруу. | 2025-ж. 01.12. | 1- курстун студенттери менен иш чара өтмөк, студенттер жаны келгендигине байланыштуу, тартынып, уялып, иш чара үзгүлтүккө учурады | Аткарылды, социалдык тармактарга жарыяланды |
| | Кыргыз Республикасынын элдик жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүн (1928.12.12) белгилөө | 2025-ж. 12.12. | Студенттердин катышуусунда видеоролик даярдоо, студенттерди маалымдоо | Аткарылды, видеоролик соц тармактарга жарыяланды |
| | Студенттер үчүн Жаңы жылдык бий кечесин уюштуруу<br>ЭАУ башкы имаратынын кире беришинде, жыйындар залында “Жаңы жылыңыздар менен куттуктайбыз!” мазмунундагы жазууну тагуу. | 2025-ж. 21- | Студенттик комитет тарабынан уюштурулуп, 2 сааттык концерттик программа аткарылды | Аткарылды |
| **Мамлекеттик тил боюнча** | | | | |
| | Жалал- Абад эл аралык университетинин мамлекеттик тил жана тил саясаты багыты боюнча иш комиссиянын курамын түзүү, иш пландарды иштеп чыгуу жана бекитүү | Сентябрь | Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор | Иш план бекитилди, комиссиянын курамы түзулдү |
| | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү багытында окуу-усулдук иш-чараларды өткөрүү | Ар дайым | Деканат, кафедралар | Аткарылууда, социалдык тармактарга жарыялანууда |
| | 23-сентябрь - мамлекеттик тил күнүнө арналган иш чара өткөрүү | 23.09.25-ж. | ГТД кафедрасы | Аткарылды, видеоролик соц тармактарга жарыяланды |
| | Мамлекеттик тилди окуу программасына жана күнүмдүк ишке интеграциялоо. | Ар дайым | Ректорат, деканат, кафедралар, тил комиссиясы | Аткарылды |
| | Улуттар аралык достукту бекемдөөгө багытталган иш-чараларды уюштуруу, катышуу | Календардык майрамдарга карата | Деканат, кафедралар | Календардык майрамдарга карата өткөүлүүдө |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Санариптештирүү процесинин алкагында билим берүү жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш чараларга катышуу | Маалыматтык катка карата | Ректорат, деканат, кафедралар | Республика, област, шаар денгээлинде жарым жылда иш чарага чакырылган жокбуз |
| | Деканат, кафедрадагы иш кагаздарды кыргыз тилинде жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө | Ар дайым | Деканат, кафедралар, тил комиссиясы | Протокол, отчеттордун кыргыз тилинде болушу талап кылынууда |
| | Предметтер боюнча силлабустарды кыргыз тилине которулушун көзөмөлдөө | Ар дайым | Деканат, кафедралар | Процессте |
| | Кыргыз тесттин жобосуна ылайык университеттин окутуучу-профессордук курамын кыргыз тилин билүү денгээлин аныктоо тесттине даярдоо жана уюштуруу | Жыл ичинде | Ректорат, тил комиссиясы | Кийинки жарым жылдыкта күчөтүлөт |

Университеттин аты менен чыккан макалалар.
**Морфологиялык дисциплиналар кафедрасы**
Жуманалиева М.Б. - 1 (басмада)
Дипак Чаулагаин – 1 (Скопус)
Темиров Н.М.-14 ( 1 Скопус)
Көчөрова М. -1
**Клиникалык дисциплиналар кафедрасы**
Садырова Н.А. – 1 , Орозбекова Б.Т. – 2,  Атабеков Т. – 1
**Гуманитардык жана табигый дисциплиналар кафедрасы**
Нарбаевв М.Р. -1 (Скопус басмада)
Асилова З.А. – 2 чыкты 3 (басмада)
Канетова Д.Э – 3 чыкты, 2 (басмада Скопус)
Анарбекова В.Э.- 4 (БАЭМУнун атынан чыккан)
Орозбаева Ж.М. – 2 (БАЭМУнун атынан чыккан)
Момбаев А.С.-1 (ЖАМУнун атынан чыккан)
Атыбаева И.Ж. – 1 (МНУнун атынан чыккан)
**Жалпы университеттин аты менен чыкан макалалардын саны 24.”**

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректордун отчету канааттандырарлык деп табылсын.
2. Кафедра башчылары II жарым жылдыкта ПОКтун макала жазуудагы кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрүшсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**3. Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор доктор Дипак Чаулагаин отчет берди жана профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү жөнүндө баяндама жасады**.

2025-2026 окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында 40 ашык эл аралык денгээлдеги иш чаралар өткөрүлдү, 20 ашык делегатар келишти (ар кандай мамлекеттерден), 10 ашык келишимдер түзүлдү.

Экрандагы презентацияда ар бир иш чараны чагылдырган сүрөттөр көрсөтүлүп түшүндүрмө берилип кетти (отчет тиркелет).

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректордун отчету каанааттандырарлык деп табылсын.

2. Профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү боюнча берилген маалымат эске алынсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

7. **Ар түрдүү маселелер:**

**7.1. – маселе боюнча укуктук маселелр жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы Сыдыкова Б.Ж. сүйлөдү:** – “Администрациянын иш графигин бекитип берүүнүздөрдү суранам. Алгачкы графикте жайкы жана кышкы мезгилге бөлүнбөгөн болчу. Сунушталып жаткан график кышкы жана жайкы мезгил үчүн бөлүнүп түзүлдү.”

| **ЖУМУШ УБАКТЫСЫ** | | |
|---|---|---|
| | **Кышкы мезгил**<br>(1-ноябрдан 1-мартка чейин) Дүйшөмбү, Шейшемби, Шаршемби, Бейшемби, Жума күндөрү | **Жайкы мезгил**<br>(1-марттан-1-ноябрга чейин) Дүйшөмбү, Шейшемби, Шаршемби, Бейшемби, Жума күндөрү |
| Жумуш убактысы | саат $9^{00}$ – $17^{00}$ чейин | саат $8^{30}$ – $17^{00}$ чейин |
| Түшкү тыныгуу | $12^{00}$ – $13^{00}$ | $12^{00}$ – $13^{00}$ |
| **Ишемби күнү** | | |
| Жумуш убактысы | саат $9^{00}$ – $15^{00}$ чейин | саат $9^{00}$ – $11^{30}$ чейин |
| Түшкү тыныгуу | $12^{00}$ – $13^{00}$ | ——— |
| **Жекшемби дем алыш күн** | | |

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

Кызматкерлдердин ички эмгек эрежелери жана административдик кызматкерлердин кышкы, жайкы мезгилдер эске алынган жумуш убактысынын графиги бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**7.2. Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор доктор Дипак Чаулагаин** TOEFLсертификатына ээ болгон окутуучулар үчүн кошумча төлөмдөр жөнүндө сүйлөдү. Ал өз сөзүндө негиздөөчүлөр менен сүйлөшүүдө TOEFL сертификатына ээ болгон окутуучуларга убактылуу төлөмүн токтотуп турууну сунуштады жана жакынкы арада дагы бир топ окутуучулар экзамен тапшырып сертификаттарга ээ болушарын айтты. Алардын жыйынтыгы чыккан соң бул маселе кайра каралары белгиледи.

**Сөзгө чыккандар:**

Президент Ж.Т.Арынбаев: – “Албетте бул сунушка кошулам, себеби окутуучулар алып жаткан айлык акынын ичиндеги кошумча төлөм ошол мугалимдин англис тилин билүүсүнө да каралган. Азыр TOEFL сертификатына ээ болгон 16 окутуучу үчүн кошумча төлөмдөрдү токтотуп турууга кошулам.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

TOEFL сертификатына ээ болгон окутуучуларга төлөнүүчү кошумча төлөм убактылуу токтотулсун.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**7.3. – маселе боюнча экономист М.К.Нарматов сүйлөдү:** – “Мага коюлган маселе бул сабактарды себепсиз үзгүлтүккө учараткан окутуучулар жана кызматкерлердин айлык маянасынан кармап калуунун жол жобосун тактоо жана жобону иштеп чыгуу болчу. Факт боюнча окуу жылынын жыйынтыгы боюнча ашыкча аткарылган сааттарды төлөп берүү боюнча каралды. Бул маселе боюнча мен юрист менен да кеңештим КР Эмгек кодексинин негизинде 3 саат себепсиз жумуш ордунда жок болгон кызматкер иш ордунан бошотулат деген пунк бар. Ал актыда кандай себептер жүйөлүү болушу жөнүндө да жазылган. Алар

1) Конференцияларга, семинарларга, квалификацияны жогорулатуу курстарына катышуу;

2) Оору (оорулуу баракчасын берүү менен);

3) Жождун расмий иш-чараларына, командировкаларга катышуу;

4) Жеке же үй-бүлөлүк жагдайлар ( эгерде орчундуу маселе болсо).

Мындай учурларда мугалим же кызматкер жетекчиликке жана студенттерге алдын ала эскертүү берүүгө милдеттүү.

Менин сунушум Эмгек акысын төлөө боюнча жобого төмөнкү көрсөтүлгөн талбицага ылайык профессордук-окутуучулук курамдын аткарылбай калган саатынан кармап калуу жана ашыкча аткарылган саатарды окуу жылдын жыйынтыгынын негизинде деген пункту кошуп өзгөртүүлөрдү киргизүү:

| **№** | **Аталышы** | **Оклад** | **Окумуштуу даража үчүн кошумча төлөм** | **Кызматы үчүн кошумча төөм** | **1 чен үчүн айлык акысы** | **Бир айда саты** | **1 акад. саат үчүн төлөм** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Профессордук-окутуучулук курам** | | | | | | |
| 1 | Илимдин доктору, профессор | 14403,84 | 40000,00 | 57600,00 | 112003,84 | 75 | 1493,38 |
| 2 | Илимдин доктору, профессордун м.а. | 13502,72 | 40000,00 | 54500,00 | 108002,72 | 75 | 1440,04 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Илимдин кандидаты, доцент | 12601,60 | 30000,00 | 49400,00 | 92001,60 | 80 | 1150,02 |
| 4 | Илимдин кандидаты, доценттин м.а | 11700,48 | 30000,00 | 46300,00 | 88000,48 | 80 | 1100,01 |
| 5 | Ага окутуучу | 10799,36 | 0,00 | 37200,00 | 47999,36 | 85 | 564,70 |
| 6 | Окутуучу | 9905,28 | 0,00 | 34100,00 | 44005,28 | 85 | 517,71 |
| 7 | Ассистент -стажер | 9004,16 | 0,00 | 31000,00 | 40004,16 | 85 | 470,64 |

Ал эми административдик , окуу көмөкчү персонал жана кичи тейлөө кызматкерлери үчүн кызматкерлердин жумуш ордунда жөөлүү себепсиз калтырган жумуш саатына карата ээлеген кызмат орду жана эмгек маянасына жараша кармалууга сунуштайм.

Профессордук окутуучулук курамдын себепсиз окуу жүктөмүнүн аткарыбашы боюнча көзөмөл, каттоо жана билдирүү деканатка милдеттендирилсин.

Токтом долбоору:

1. Эмгек акы төлөө боюнча жобого өзгөртүүлөр киргизилсин жана оңдоп түзөөлөр менен бекитилсин;
2. Профессордук-окутуучулук курамдын себепсиз окуу жүктөмүнүн аткарылбашы боюнча көзөмөл, каттоо жана билдирүү деканатка милдеттендирилсин;
3. Административдик, окуу көмөкчү персонал жана кичи тейлөө кызматкерлеринин себепсиз жумуш ордунда болбогондугун көзөмөлдөө укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнө милдеттендирилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**7.4. – маселе боюнча сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор Г.С.Ташиева сөз сүйлөдү:** – “Баарыңыздарга маалым Аккредитациянын жыйынтыктары боюнча сунуштар агенттиктен келген, алардын үстүндө иштөө үчүн жумушчу топту сунуштайм жана иш планын бекитүү талкууга коем.

Төмөнкү жумушчу топтун курамы сунушталып жатат:

1. Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевич - Ректор, ф.-м.и.к., доцент, жумушчу топтун төрагасы;
2. Ташиева Гульбара Самидиновна – Сапат жана дарылоо иштери боюнча проректор, м.и.к., доцент, жумушчу топтун төрагасынын орун басары
3. Садырова Нургуль Адылгазиевна - Окуу иштери боюнча проректор, м.и.к., доцент;
4. Асилова Зульфия Атамырзаевна - Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор, т.и.к., доцент;
5. Дипак Чаулагаин - Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректор, Phd доктор (медицина);
6. Торокулов Элдияр Шаршенович - Административдик-чарба иштери боюнча проректор;
7. Канетова Динара Эменовна – Окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысы, ф.-м.и.к., доцент;
8. Астанов Шавкатбек Моминжанович – Медициналык факультеттин деканы;
9. Сыдыкова Бүбүкан Жолдошевна – Укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы;

10. Жуманалиева Максуда Бекиевна - Морфологиялык дисциплиналар кафедрасынын башчысы, Phd доктор (медицина);
11. Калмуратова Айшахан Орозбаевна – Гуманитардык жана табигый дисциплиналар кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент;
12. Сыдыкова Умуткан Акимбаевна – Башкы эсепчи;
13. Осмонов Алтынбек Батырбекович – Юрист;
14. Нарматов Мелис Каныбекович – Экономист;
15. Бекташев Мухамадсодик Сирожидинович - Эл аралык мамилелер жана маркетинг бөлүмүнүн башчысы;
16. Укубаева Акылай Нармаматовна – Китепканачы.

Экранда көрүп турган планда бардык сунуштар камтылган, жооптуу кызматкерлер көрсөтүлгөн (план тиркелет).”

Токтом долбоору:

1. 2025-2026-окуу жылдын ичинде НААР көз карандысыз аккредитация өткөрүү агенттигинин аудитинин жыйынтыгы боюнча сын-пикирлерди кароо жана сунуштарды ишке ашыруу максатында жумушчу топтун курамы бекитилсин;
2. Сапат жана дарылоо иштери боюнча 2025-2026-окуу жылдын иш планы, сунуштарды эске алып, кошумча жана толуктоолорду киргизүү менен бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

**Чечим:**

1. ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин курамына Сыдыкова Үмүт Акимовна – башкы эсепчи; Нарматов Мелис Каныбекович – Экономист; Шамшиев Абдилатип Абдырахманович – м.и.д., профессор кошулсун. Жалпысынан Окумуштуулар кеңешинин курамы 19 кишиден турсун.

2. а) 2025-жыл үчүн башкы эсепчинин отчету канааттандырарлык деп табылсын.

б) Отчетту бекитип берүү жагы камкордук жана негиздөөчүлөр кеңешине сунушталсын.

3. а) 1 2025-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилсин;

б) 2026-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын долбоору бекитилсин”;

в) Бул чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңештеринен суралсын.

4. а) Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча маалымат эске алынсын;

б) Профессордук-окутуучулук курам үчүн бир айлык курстардын планы бекитилсин.

5. а) Окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садырованын, Илим, мамлекеттик тил жана социалдыке иштер боюнча проректор З.А.Асилованын, Эл аралык байланыштар жана

инвестициялар боюнча проректор Дипак Чаулагаиндин отчеттору каанааттандырарлык деп табылсын;

б) eBilim автоматташтырылган маалыматтык системасы окуу процессин башкаруунун негизги санариптик платформасы катары пайдаланылсын;

в) Кафедра башчылары II жарым жылдыкта УМК, силлабус жана ФОС боюнча кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрсүн;

г) Окуу-маалымат бөлүмү (УИО) eBilim аркылуу аналитикалык отчетторду үзгүлтүксүз даярдап, аккредитация үчүн далилдерди системалаштырсын;

д) Профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча бекитилген план толук аткарылсын;

е) Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректорго жүктөлсүн.

ж) Кафедра башчылары II жарым жылдыкта ПОКтун макала жазуудагы кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрүшсүн.

6. Профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү боюнча берилген маалымат эске алынсын.

7. Ар түрдүү маселелер:

7.1. Кызматкерлдердин ички эмгек эрежелери жана административдик кызматкерлердин кышкы, жайкы мезгилдер эске алынган жумуш убактысынын графиги бекитилсин.

7.2. TOEFL сертификатына ээ болгон окутуучуларга төлөнүүчү кошумча төлөм убактылуу токтотулсун.

7.3. а) Эмгек акы төлөө боюнча жобого өзгөртүүлөр киргизилсин жана оңдоп түзөөлөр менен бекитилсин;

б) Профессордук-окутуучулук курамдын себепсиз окуу жүктөмүнүн аткарылбашы боюнча көзөмөл, каттоо жана билдирүү деканатка милдеттендирилсин;

в) Административдик, окуу көмөкчү персонал жана кичи тейлөө кызматкерлеринин себепсиз жумуш ордунда болбогондугун көзөмөлдөө укуктук маселелер жана адам ресурстары бөлүмүнө милдеттендирилсин.

7.4. а) 2025-2026-окуу жылдын ичинде НААР көз карандысыз аккредитация өткөрүү агенттигинин аудитинин жыйынтыгы боюнча сын-пикирлерди кароо жана сунуштарды ишке ашыруу максатында жумушчу топтун курамы бекитилсин;

б) Сапат жана дарылоо иштери боюнча 2025-2026-окуу жылдын иш планы, сунуштарды эске алып, кошумча жана толуктоолорду киргизүү менен бекитилсин.

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
төрагасы, ф.-м.и.к., доцент: Нарбаев М.Р.

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.

Көчүрмөсү анык